**ЧҮЙ ОБЛУСУНУН**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН**
**ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА**
**ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА**
**ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ**

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XVIII (он сегизинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 14-июлу №85/ XVIII -29** **Алмалуу айылы**

**Тогуз-Булак айылында жайгашкан Академик Арстанбек Мурзалиев атындагы жалпы билим берүү мектебине караштуу 10 (он) сааттык бала бакчанын тарбиялануучуларынын тамак-ашына ата-энелер тарабынан төлөнүүчү төлөмдүн өлчөмүн бекитүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Тогуз-Булак айылында жайгашкан Академик Арстанбек Мурзалиев атындагы жалпы билим берүү мектебине караштуу 10 (он) сааттык бала бакчанын ачылышына байланыштуу, тарбиялануучуларды сапаттуу тамак-аш менен камсыз кылуу максатында, ата-энелердин жалпы жыйынынын протоколунун негизинде, **Ысык-Ата айылдык Кеңеши токтом кылат:**

1. Тогуз-Булак айылында жайгашкан Академик Арстанбек Мурзалиев атындагы жалпы билим берүү мектебине караштуу 10 (он) сааттык бала бакчанын тарбиялануучуларынын тамак-ашына ата-энелер тарабынан төлөнүүчү төлөмдүн өлчөмү ар бир бала үчүн күнүнө 100 (жүз) сом болуп бекитилсин;
2. Чогултулган ата-энелердин төлөмдөрү Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн атайын эсебине төлөнүп жана тарбиялануучулардын тамак-аш азыктарын сатып алууга гана максаттуу пайдаланылсын;
3. Бул токтомдун аткарылышы Академик Арстанбек Мурзалиев атындагы жалпы билим берүү мектебинин директоруна жана Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн;
4. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айылдык Кенешинин бюджет жана каржы маселеси боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**